DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Омурканова Ж.Э.*

## КАЛКТЫН ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИН МҮНӨЗДӨӨ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫ АЙМАКТЫК ДЕҢГЭЭЛДЕ АНЫКТООНУН УСУЛДУК МАСЕЛЕЛЕРИ

*Омурканова Ж.Э.*

## СУЩНОСТЬ ПОКАЗАТЕЛЕЙ УРОВНЯ ЖИЗНИ НАСЕЛЕНИЯ И МЕТОДИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ИХ ОПРЕДЕЛЕНИЯ В РЕГИОНАЛЬНЫХ УСЛОВИЯХ

*J. Omurkanova*

## THE ESSENCE OF INDICATORS OF THE STANDARD OF LIVING OF THE POPULATION AND METHODOLOGICAL ISSUES OF THEIR DETERMINATION IN REGIONAL CONDITIONS

*УДК: 33.331*

*Кыргыз Республикасынын регионалдык шарттарында калктын жашоо деңгээлинин мазмуну жана анын көрсөткүчтөрү, ал көрсөткүчтөрдү аймактык деңгээлде аныктоонун усулдук маселелери изилденет. Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүш темптерин, калкытн жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрүн талдоонун негизинде өлкөбүздүн калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуунун закон ченемдүүлүгү аныкталат.2015-2019-жылдардагы ички дүң продуктунун, калктын кирешелеринин, эмгек акысынын жана кедейчиликтин деңгээлинин өзгөрүшүн талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын жана Талас облусунун жашоо деңгээлдерине мүнөздөмө берилет. Талас облусунун айылдык калкынын киреше булактарынын төмөндүгү жана ошонун негизинде жашоо минимумунун өлчөмүнүн төмөндүгүнүн себептери аныкталат. Талас облусунун 2019-жылдагы калкын жан башына болгон киреше булактарынын жана үй бүлөнүн жан башына чыгашаларынын түзүмүн талдоонун негизинде калкын негизги киреше булактары кайдан болуп жаткандыгын жана үй бүлө мүчөлөрүнүн жан башына болгон негизги чыгымдары аныкталат. Талас облусунун калкынын жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрдүн аныктоону жакшыртуу жана жашоо деңгээлин жакшыртуу боюнча сунуштар берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *ички дүң продукт, калк, деңгээли, индикаторлору, калктын кирешелери, калктын чыгымдары, социалдык стандарт, айлык акы, жашоо минимуму, пенсия.*

*Исследуются сущность и содержания основных показателей уровня жизни населения, методические вопросы их определения в региональных условиях Кыргызской Республики. На основе анализа изменения темпов развития экономики, показателей уровня жизни населения выявлена закономерности повышения уровня жизни населения в Кыргызской Республике. На основе анализа показателей изменения валового регионального продукта, уровня доходов населения, минимальной заработной платы в расчете на душу населения и уровня бедности за 2015-2019 гг. дана характеристика изменения уровня жизни населения Кыргызской Республики и Таласской области. Были выявлены причины низкого дохода, а следовательно, низкого уровня размеров прожиточного минимума сельского населения Таласской области. На основе данных статистических материалов Таласской области 2019гг., были проанализированы структура изменения доходов и расходов населения, были выявлены основные источники доходов и основные составляющие расходов населения. Были даны рекомендации по совершенствованию показателей уровня жизни сельского населения и основные направления улучшения уровня жизни населения Таласской области.*

***Ключевые слова:*** *валовой внутренний продукт, население, уровень, индикаторы, доходы населения, расходы населения, социальный стандарт, заработная плата, прожиточный минимум, пенсия.*

*The article examines the essence and content of the main indicators of the standard of living of the population, methodological issues of their determination in the regional conditions of the Kyrgyz Republic. Based on the analysis of changes in the pace of economic development, indicators of the standard of living of the population, the regularities of increasing the standard of living of the population in the Kyrgyz Republic are revealed. Based on the analysis of indicators of changes in the gross regional product, the level of income of the population, the minimum wage per capita and the level of poverty for 2015-2019, the characteristics of changes in the standard of living of the population of the Kyrgyz Republic and the Talas region are given. The reasons for the low income and, consequently, the low level of the subsistence level of the rural population of the Talas region were identified. Based on the data of statistical materials of the Talas region in 2019, the structure of changes in income and expenditure of the population was analyzed, and the main sources of income of the population were identified. Recommendations were made.*

***Key words:*** *gross domestic product, population, level, indicators, income of the population, expenses of the population, social standard, salary, subsistence minimum, pension.*

Биздин өлкөбүздүн өнүгүшүнүн азыркы мезгили өлкөнүн экономикасынын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу жана ошонун негизинде калктын жашоо деңгээлинин туруктуу кармап туруу жана аны жогорулатуу боюнча каралган милдеттерди иш жүзүнө ашырууга багытталышы менен мүнөздөлөт. Өлкөбүздүн экономикасынын өнүгүш темптери канчалык туруктуу жана жогору болгон сайын анда жашаган калктын жашоо деңгээлинин ошого жараша жогорулашы закон ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Анын себеби, өлкөнүн экономикасынын өсүшү менен, анда жашаган калктын киреше булактарынын өсүшүнө жана жашоо шарттарынын жакшырышына алып келүү менен, калкыбыздын жашоо деңгээлинин жогорулашына шарт түзүлөт. Ушуга байланыштуу калктын жашоо деңгээли жана жашоо сапаты ар бир өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү болуп калат десек жаңылышпайбыз.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ал эми айыл аймактарынын калкынын жашоо деңгээлинин ошол аймактын экономикалык өнүгүшү менен болгон өз ара байланышын теориялык жактан изилдөө, биздин илимий изилдөөбүздүн негизги өзөгүн түзүү менен, анын аймактык өзгөчөлүктөрүн изилдөө аркылуу биз өзүбүздүн ишибиздин илимий практикалык мааниси бар экендигин белгилеп кетүүгө тийишпиз. Маалыматтар көрсөткөндөй, 2020-ж. эгерде биздин өлкөбүздүн калкынын 65,8 пайызы айылдык аймактарда жашаса, ал эми Талас облусунун калкынын 85,2 пайызы айылдык аймактарда жашайт жана айылдык аймактарда жашаган калктын жашоо деңгээли шаар калкына караганда бир топ эле төмөн экендиги белгилүү [1]. Ушуга байланыштуу айылдык аймактарда жашаган калктын жашоо деңгээлин жана алардын турмуш шартын жогорулатуу азыркы рыноктун шарттарында өлкөбүздүн өкмөтүнүн негизги милдеттеринен болуп саналат. Ушундай учурда жашоо деңгээли деген түшүнүктү дагы бир жолу илимий негизде тактап алып, анын көрсөткүчтөрүн айылдык аймактар боюнча өзгөчөлүктөрүн изилдеп чыгуу аркылуу жашоо деңгээлинин аймактык деңгээлдеги көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга мумкунчулук берет.

Калктын жашоо турмушун жана денгээлин мүнөздөө үчүн төмөнкү экономикалык категорияларды, башкача айтканда калктын кирешелери жана керектөөлөрү, жашоо сапаты жана жашоо шарты, жашоо образы жана жашоо жыргалчылыгы деген түшүнүктөрдү белгилеп кетсек болот. Адам укуктарынын бүткүл дүйнөлүк декларациясына ылайык, «калктын жашоо деңгээли, бул коомдо жашаган адамдардын жана анын үй бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугун жана жыргалчылыгын камсыз кыла алган шарттар менен аныкталат» [2].

Азыркы учурда биздин өлкөбүздүн Улуттук Статистикалык комитети тарабынан калктын жашоо деңгээлин аныктоодо калктын жыргалчылыгынын сан жагынан мүнөздөй турган ыкмалар жана аны баалоодо кирешелеринин түрлөрүнө карата ажыратып мүнөздөй турган индикаторлор колдонулат. Ал индикаторлорго төмөнкүлөрдү кошууга болот: Жинанын индекси жана Лоренцтин ийри сызыгы. Калктын жашоо деңгээли ошондой эле натуралдык жана нарктык көрсөткүчтөр аркылуу мүнөздөлөт. Аларга төмөнкүлөрдү кошууга болот: калктын керектөөлөрүнүн деңгээли жана структурасы, керектөө корзинасы, тамак ашка сарпталуучу чыгымдар, турак жай жана коммуналдык кызмат акы төлөмдөрүнүн көрсөткүчтөрү, калктын киреше булактарынын нарктык өлчөмү, калктын керектөө өлчөмү (сандык жана нарктык өлчөмдөр менен), калктын жан башына сарпталуучу чыгымдары (анын түрлөрү боюнча). Ал эми калктын жашоо деңгээлини өлчөмүн макроэкономикалык жактан мүнөздөй турган төмөнкү көрсөткүчтөрүн айтууга болот: калктын жан башына туура келүүчү ички дүң продукциянын, улуттук кирешенин жана реалдык кирешенин өлчөмдөрү, ошондой эле калктын жан башына туура келүүчү турак жайдын, товар жүргүзүүнүн, кызмат көрсөтүүнүн өлчөмдөрүн айтууга болот.

Талдоолор көрсөткөндөй, 2015-2019-жылдары өлкөбүздүн калкынын жашоо деңгээли бир топ эле жогорулагандыгы байкалат. Тактап айтканда, 2019-жылы калктын жан башына туура келүүчү ички дүң продукциянын наркы 93,8 миң сомду, калктын жан башына туура келүүчү кирешелери - 5684,7 сомду, үй чарбасынын жан башына эсептегенде орточо бир айга акчалай чыгымдары 3 899,0 сомду түздү, же болбосо аталган көрсөткүчтөр 2015 жылга салыштырмалуу 30,7 пайызга, 39,5 пайызга жана 14,4 пайызга жогорулады. 2019-жылы 2015 жылга карата эмгек акынын өлчөмү 27,8 пайызга жогоруласа, ал эми эң төмөнкү айлык акынын өлчөмү 80,4 пайызга жогорулады. Калктын киреше булактарынын өлчөмүнүн өсүшүнүн негизинде 2015-2019-жылдарга өлкөбүздөгү кедейчиликтин деңгээлин 12 проценттик пунктка төмөндөдү [3]. Ошондой болсо дагы, өлкөдөгү калктын жашоо деңгээли өтө эле жогорулап кетти деген жыйынтыктан дале болсо алыспыз. Себеби, азыркы учурда калктын жашоо деңгээлинин өтө бай катмардары менен эң төмөнкү кедей катмарларынын ортосундагы айырмачылык дагы эле болсо жогору болуп турат. Башкача айтканда, калктын жогорулашынын дагы бир көрсөткүчүнөн пайыздык тайпаларга бөлүнгөн, кирешеси өтө жогору болгон калктын кирешеси эң төмөнкү болгон калктын катмарына болгон катышы 2019-жылы 10,6 эсени түзүп, 2015-жылга салыштырмалуу 10,2 проценттик пунктка эле төмөндөгөн [3]. 2019 жылы өлкөбүздөгү эмгек акынын өлчөмү боюнча жана калктын бир адамга туура келүүчү бир айлык жашоо минимумунун өлчөмү боюнча Евразиялык союзга кирген өлкөлөрдүн ичинде акыркы катарларда турат. Ал эми өлкөбүздүн айылдык аймактарындагы калктын жашоо деңгээли мындан да төмөн экендигин талдоолор көрсөтүп олтурат. Биз талдаган Талас облусунун жашоо деңгээлини көрсөткүчтөрү өлкөбүздүн калкынын жашоо деңгээлинен бир топ эле төмөн болуп эсептелет. Өлкөбүздүн Улуттук Статистикалык комитетинин маалыматтары боюнча 2018-жылы Талас облусу боюнча калктын жан башына эсептегелген өндүрүлгөн ички дүң продуктунун наркы 58,2 миң сомду түзүп, өлкөбүз боюнча көрсөткүчтүн 62,0 пайызын түздү. Ал эми калктын кирешелелери менен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чыгашаларын салыштырып караганда, Талас облусунун көрсөткүчтөрү төмөн экендиги байкалат.

Кыргыз Республикасынын статистикалык комитетинин маалыматтары көрсөтүп олтургандай, 2019-жылы Талас облусунун калкынын киреше булактарынын негизги бөлүгүн эмгек ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешелер түзөт экен, же болбосо алардын пайызы жалпы киреше булактарынын 45,5 пайызын түздү. Ал эми шаар жери боюнча бул көрсөткүч 78,6 пайызды түзө турган болсо, айылдык аймактар боюнча 40,3 пайызды түздү. Себеби, айылдык аймактарда жеке көмөкчү чарбалардан түшкөн кирешелер басымдуулук кылат экен. Анын өлчөмү 2035,1 сомду, же болбосо 41,6 пайызды түздү. Эгерде өлкөбүздүн көрсөткүчү менен салыштырып караганда, Талас облусунун жалпы киреше булактарынын өлчөмү өлкөбүздүн көрсөткүчүнөн 15 пайызга төмөн болду. Ал эми чыгашалары боюнча талдай турган болсок, Талас облусунун калкынын жалпы чыгашаларынын ичинен тамак ашка болгон керектөөлөрүнө болгон чыгымдар 32,8 пайызды, кийим кечекке жана өздүк гигиеналык керектөөлөргө болгон чыгымдар -12,3 пайызды, транспорт каражаттарына - 0,9 пайыз, отунга жана турак жай чыгымдарына -10,4 пайызды, ал эми билим алууга, саламаттыгын сактоосуна жана башка керектөөлөрүнө -16,3 пайызды түздү. Жалпы керектөөдөн башка чыгымдарга, же болбосо жеке өздүк чарбасына керектелүүчү чыгымдар бардык чыгымдардын 22,8 пайызын түздү [4]. Бул жерден айта кете турган нерсе, жалпы чыгымдардын структурасында шаар жериндеги чыгымдар менен айылдык аймактардагы чыгымдардын ортосундагы айырмачылыктар аз эле болду. Мунун себеби. Талас облусунун карамагындагы Талас шаарынын тургундарынын кобу айылдык аймактар менен өтө эле тыгыз байланышта жашагандыгында болуп жатат жана шаардын инфраструктурасында керектөө рыногу айылдык жерлерден аз эле айырмалангандыгында болуп жатат.

Жалпысынан айтканда, 2019-жылы Талас облусундагы жан башына туура келүүчү киреше булактарынын өлчөмү менен алардын чыгашаларынын суммасына салыштырганда 54,4 пайызга жогору экендиги аныкталды. Албетте бул көрсөткүч салыштырмалуу болуп эсептелет, себеби азыркы учурда аталган көрсөткүчтөрдүн айырмасы кайта өндүрүү фондуна же, кийинки жылдарга кошумча булак катары калдык катары өтүп туруусу керек эле. Бирок бизде андай малымат булактары болбогондугуна байланыштуу бул фактыны далилдей албайбыз. Бирок, 2019-жылы 2015-жылга салыштырганда жан башына туура келүүчү жалпы керектөө чыгымдары 10,1 пайызга жогорулай турган болсо, ал эми жан башына туура келүүчү жалпы киреше булактарынын суммасы 34,4 пайызга жогорулаган. Биз мындан 2015-2019-жылдарда Талас облусунун киреше булактарынын өсүшүнө өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү менен катар, эмгек акынын өсүшү таасир этти деп айта алабыз. Тактап айтканда аталган мезгилде кызматкерлердин эмгек акысы 45,8 пайызга жогорулагандыгын статистикалык маалыматтар көрсөттү.

Ошондой болсо да азыркы мезгилде айылдык аймактарда киреше булактарынын өсүшү канааттандыраарлык эмес деп айтууга болот. Мунун себеби, айылдык аймактарда өндүрүштүк тармактар жакшы өнүкпөгөндүктөн, киреше булактарынын негизги булагы болуп айыл чарба өндүрүшү болуп калууда. Мындай шарттарда айылдык жерлерде калктын киреше булактарынын жогорулатууда эң биринчи өндүрүш тармактарын өнүктүрүү, кичи жана орто бизнести өнүктүрүүгө шарт түзүү өтө маанилүү болуп эсептелет.

Жогорудагы келтирилген изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын негизинде Талас облусунун жашоо деңгээлин жогорулатууда төмөнкүдөй иш чараларды иштеп чыгуу өтө маанилүү болуп эсептелет:

1.Азыркы учурда айылдык аймактардагы калктын жашоо деңгээлин мүнөздөй турган көрсөткүчтөрдүн комплексин иштеп чыгуу усулдарын жакшыртуу максатка ылайыктуу. Себеби, бизге белгилүү болгондой, айылдык жерлердеги калктын жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрү Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика комитети тарабынан жүргүзүлгөн бюджеттик социологиялык изилдөөлөрдүн негизинде аныкталат. Азыркы учурда айылдык аймактардын деңгээлинде бирден бир мамлекеттик башкаруу орган болуп жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, же болбосо айыл өкмөттөрү болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу айыл аймактардагы калктын жашоо шартына жана деңгээлине жоопкер боло турган орган болуп жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары болуп эсептелет. Ошондуктан, азыркы учурда ар бир айыл өкмөттөрдүн социалдык-экономикалык өсүшүнүн келечек программасын түзгөндө ошол айыл аймактардагы калктын жашоо деңээлин жакшыртуу боюнча иш чараларды жана аларды чагылдыра турган көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу максатка ылайыктуу болуп эсептелет.

2. Айылдык аймактардагы калктын киреше булактарын жогорулатуу максатында ар бир айыл өкмөтү боюнча өндүрүш ишканаларын жана чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү боюнча иш чараларды иштеп чыгуу өтө маанилуу болуп эсептелет. Себеби, айылдык аймактарда жаны жумушчу орундарын ачуу аркылуу калктын киреше

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



булактарын жогорулатууга жана ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү бюджетке түшүүчү салыктардын өлчөмүн көбөйтүүгө шарт түзүлөт. Мына ушул максатта, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Талас облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан жүргүзүлүп жаткан облустун ишкерлери жана айыл өкмөттөрү тарабынан иштелип чыккан бизнес-долбоорлорду колдоо жана аларды ишке ашыруу демилгесин белгилеп коюуга болот.

3. Талас облусунун айылдык аймактарынын калкынын жашоо деңгээлин жакшыртуу максатында айылдык жерлердеги социалдык инфраструктуралык түзүмдөрдү өнүктүрүү максатка ылайыктуу. Социалдык инфра түзүмдөрдү өнүктрүү аркылуу айылдык аймактардын калкын тейлөө деңгээлин жогорулатууга, калктын жашоо шартын жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Аталган иш чараларды ишке ашыруу биринчи кезекте жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын милдеттери болуп саналат. Себеби, айыл аймактарды өнүктүрүү, ал жерде жашаган калктын жашоо шартына көзөмөл кылуу Жогорку Кенеш тарабынан кабыл алынган «Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жөнүндөгү» законунун негизинде биринчи кезекте айыл өкмөттөрү жооптуу болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына айылдык аймактардын өнүгүшүнө көзөмөлдүк кылуу үчүн алардын укуктарын кеңейтүү максатка ылайыктуу болуп эсептелет.

**Адабияттар:**


1. Статистикалык жыйнак: Демографиялык жылдык китеп, Жылдык басылмалар, Б., 2020, табл. 1.2;// www.stat.kg//.
2. Электрондук юридикалык создук, Б., Токтом, 2016, // 2.12.9//.
3. Статистикалык жыйнак: 2014-2018-жылдардагы кыргыз Республикасынын Улуттук эсептери, Жылдык басылмалар, Б., 14 бет.
4. Статистикалык жыйнак: 2015-2019-жылдардагы Кыргыз Республикасы боюнча калктын жашоо денгээли, Жылдык басылмалар, Б., 13, 19-беттер; // www.stat.kg.
5. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасы боюнча калктын жашоо денгээли, 2015-2019-жж., Жылдык басылмалар, Б., 55,70 беттер; // www.stat.kg.
6. Прожиточный минимум для основных социально-демографических групп населения за 2019 года. // Экспресс-информация от 15-января 2020 года// Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. Публикации, Бишкек, 2020 г.// www.stat.kg.
7. Постановление Правительства Кыргызской Республики от 22.09.2018 года, №442 «Об индексации базовой части пенсий, общий размер которых ниже величины прожиточного минимума пенсионера, сложившейся за предыдущий год, с 1 октября 2018 года», Бишкек, 2018, // http://cbd.minjust.gov. kg/act/view/ru-ru/12342.
8. Статистический сборник: Уровень жизни населения Кыргызской Республики за 2014-2018 гг., Публикации, Б., 2019, стр. 12// www.stat.kg.
9. Стратегия развития социальной защиты населения Кыргызской Республики 2012-2014 годы, Бишкек, 2011, стр. 17.
10. Омурканова Ж.Э. Методические вопросы оценки и регулирования уровня жизни населения Таласской области. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 4. С. 39-41.
11. Омурканова Ж.Э. Методические вопросы оценки уровня жизни населения в регионах и характериситика его состояния в Таласской области. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. С. 46-49.